## ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ

## ВОСПИТАНИЕ И ОБУЧЕНИЕ

## EDUCATION AND TRAINING

***Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна,***
***педагогика илимдеринин кандидаты,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***жетектөөчү илимий кызматкери,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# АДЕПТИК, РУХАНИЙ ТАРБИЯ БОЮНЧА АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК САБАТТУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУ

**(*Мектеп менен үй-бүлөнүн натыйжалуу кызматташуусуна карата сунуштар*)**

***Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна,***
***кандидат педагогических наук,***
***ведущий научный сотрудник,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# ПОВЫШЕНИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ГРАМОТНОСТИ РОДИТЕЛЕЙ ПО ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОМУ ВОСПИТАНИЮ

***(Рекомендации по эффективному сотрудничеству школы и семьи)***

***Zhumabayeva Gulaiym Abdysamatovna,***
***Candidate of Pedagogical Sciences,***
***Leading Researcher,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# IMPROVING THE PEDAGOGICAL LITERACY OF PARENTS IN SPIRITUAL AND MORAL EDUCATION

***(Recommendations for effective cooperation between school and family)***

***Аннотация:*** *Азыркы кезде коомдо руханий байлыкка караганда материалдык байлыкты алдыңкы орунга койгондор арбын, өз маданиятыбызга караганда башка маданиятка оогон жаштар көбөйдү. Мурдагы авторитардык тарбиялык система натыйжасыз болуп калды. Баланы адеп-ахлактык, руханий жана дене боюн өнүктүрүүгө карата ата-энелердин педагогикалык билими жетишсиз болуп жатат. Мектеп менен ата-энелердин кызматташтыгы натыйжалуу болуш үчүн үй-бүлөлүк тарбиядагы кемчиликтерди оңдоо боюнча ата-энелерге класс жетекчи туура багыт көрсөтө алыш керек. Макалада Ж.Ж. Руссодон баштап, азыркы мезгилге чейинки тар-*

*биядагы өзгөрүүлөр, үй-бүлөлүк тарбиянын типтүү кемчиликтери жана анын натыйжалары көрсөтүлдү. Азыркы шартка шайкеш ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун өркүндөтүүгө жана мектеп менен ата-энелердин кызматташуусунун натыйжалуулугун жогорулатууга карата сунуштар жазылды.*

***Аннотация**: В настоящее время в обществе материальные ценности ценятся больше, чем духовные; увеличилось число молодежи, которые ценят другие культуры больше, чем свои. Авторитарная система воспитания перестала быть эффективной. Педагогические знания родителей по духовно-нравственному и физическому воспитанию не соответствуют современным требованиям. Чтобы сотрудничество школы с родителями было эффективной, учителя должны знать и дать правильное направление по устранению пробелов в семейном воспитании. В статье описываются типичные ошибки в семейном воспитании и их последствия, а также изменения в системе воспитания со времен Ж.Ж. Руссо до наших дней. Расписаны рекомендации по гармоничному сотрудничеству школы с семьей и по усовершенствованию педагогической грамотности родителей.*

***Annotation:** At present, material values are valued more than spiritual values in society, the number of young people who value other cultures more than their own has increased. The authoritarian system of education has become ineffective. Parents' pedagogical knowledge of spiritual, moral and physical education does not meet modern requirements. In order for the cooperation of schools with parents to be effective, teachers must know and give the right direction to eliminate gaps in family education. The article describes typical mistakes in family education and their consequences. Changes in the education system from the time of J.J. Rousseau to the present day. Recommendations for harmonious cooperation between schools and families and for improving the pedagogical literacy of parents are described.*

***Түйүндүү сөздөр:** мектеп, ата-энелер, кызматташуу, педагогикалык сабаттуулук, тарбиядагы кемчиликтер, натыйжа, көйгөйлөр, сунуштар.*

***Ключевые слова**: школа, родители, сотрудничество, педагогическая грамотность, пробелы в воспитании, следствие, проблемы, рекомендации.*

***Key words:** school, parents, cooperation, pedagogical literacy, gaps in education, consequences, problems, recommendations.*

**Киришүү**. Бул макала тарбиялык процессте кездешкен адептик, руханий, физикалык маселелерди чечүүгө кызыккан илимпоздордун, мугалимдердин ж.б. адистердин ишин жеңилдетүүгө багытталган жана ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун жогорулатууга арналат.

Азыркы кезде коом руханий байлыкка караганда материалдык байлыкты алдыңкы орунга коюп калды, өз маданиятыбызга караганда башка маданиятка оогон жаштар көбөйдү. Мурдагы авторитардык тарбиялык системанын өз кемчиликтери болгон, бирок бүгүнкү күндөгү баланы адеп-ахлактык, руханий жана дене боюн өнүктүрүүдө ата-энелердин педагогикалык билими жетишсиздиги байкалат.

Коомдо коррупция, паракордук, карьеризм, сөз менен иштин ортосундагы ажырым, социалдык адилетсиздик, протекционизм, мамлекеттин байлыгын «уйдай саагысы» келген чиновниктердин чыгышы, өзүн өзү көзөмөлдөбөгөн, адепсиз «ишмерлердин» кылык-жоругу ж.б. тарбияга терс таасирин тийгизүүдө. Тарбияда жаңы психологиялык, рухий маселелер пайда болду. Мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтыгы начарлап калгандыктан, азыр алар педагогдор тарабынан жардамга муктаж. Бул жагдай мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтыгын активдештирүүнүн зарылдыгын айгинелейт. Мектеп менен ата-эненин кызматташтыгы натыйжалуу болуш үчүн педагог баланын көйгөйүн, үй-бүлөлүк тарбиянын кемчилигин, анын натыйжасын жана аларга туура багыт берүү жолдорун билиш керек.

**Макаланын максаты** – ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун жогорулатууга жана мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташуусунун натыйжалуулугун жогорулатууга карата мугалимдерге сунуштарды берүү.

**Изилдөөнүн методу**: теориялык изилдөө, талдоо, анализдөө, синтездөө, салыштыруу; мугалимдерди, ата-энелерди сурамжылоо, аңгемелешүү, байкоо.

**Негизги мазмун**. Үй-бүлөлүк тарбия деп – ата-эненин балага карата педагогикалык таасири, насаат сөздөрү, айрым тарбиялык усул-каражаттары, турмуштук тажрыйбасын үйрөтүүсү ж.б. өз ара аракетин түшүнөбүз. Баланы ар тараптуу өнүктүрүүнүн негизин үй-бүлөлүк тарбия түзөт. Үй-бүлөнүн бекемдиги жана туура тарбиясы жаш муундун келечектеги ийгилигин аныктайт. Акылды, руханий жана физикалык өнүгүү боюнча маанилүү сабактарды бала үй-бүлөдөн алат. Үй-бүлөлүк тарбиянын ийгилиги боюнча мамлекет камкордук көрүш керек. «Балдарын туура тарбиялаган ата-энени бактылуу карылык күтөт. Туура эмес тарбиялаган ата-эненин азабы толтура» [8, 341-б.].

Ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугу деп – балага билим алууга (жазууга, окууга эсептөөгө ж.б.) жардам берүүгө жөндөмүн жана тарбиялануунга карата ата-энелердин билиминин, билгичтигинин жана көндүмдөрүнүн болушу эсептелет. Ата-энелердин адабият, саясат, педагогика, психология ж.б. илимдер боюнча маалымдуулугу да алардын сабаттуулугунун көрсөткүчү боло алат.

Окуучулардын эмоционалдык, психологиялык, рухий көйгөйлөрү үй-бүлөдөн башталат. Бул ата-энелердин педагогикалык билиминин жетишсиздиги менен байланыштуу.

АКШда XX кылымдын 30-жылдарында балдарды дарылаган эки ооруканада ата-энелер менен баланын жакындыгын аныктоо боюнча эксперимент жүргүзүлгөн. Экөөнүн шарты, врачтары, тамактары ж.б. бирдей болгон. Биринде инфекция жугузат деген «жүйө» менен балдарды ата-энесине жолуктурбай койгондуктан, кат аркылуу абалдарын сурашкан. Экинчисинде жолугууга уруксат берилген. Биринчи ооруканадагы балдардын 1/3 өлүп, экинчисинде өлгөн эмес. Эксперимент аркылуу эки нерсе аныкталган: ата-эненин мээриминин ролу жана алардын сабатсыздыгы. Сабаттуу ата-эне баласын өлүмгө жеткирбей алып кетмек. Европада XX кылымда 222 уюм аталардын педагогикалык сабаттуулугун изилдеген. Прессада аталардын карикатурасынын көптүгү аркылуу маселенин арбындыгы аныкталган.

Совет доорундагы жана эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында руханий баалуулуктардын төмөндөшү коомдун деградацияланышына өбөлгө түзүлдү: өзүмчүл индивидуализм тарады, ажырашкан үй-бүлөлөр арбыды, прессада бейадеп маалыматтар чыкты, аталардын статусу төмөндөдү ж.б. Булар ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугунун төмөндөшүнө алып келди. Андыктан, үй-бүлөлүк тарбиядагы типтүү кемчиликтерди ата-энелер билиши керек.

Ар бир ата-эненин балдарын тарбиялоосу ар башкача, бирөө колдоо-жазалоо усулун колдонот, экинчиси такыр жазалабайт, бири насаат айтуу менен чектелет, экинчиси өнөр же эмгектин түрүн үйрөтөт, айрым ата-эне баланын оюу менен болот ж.б. Ата-энеси ынтымактуу, адеп-ахлагы жакшы, көз карашы туура болсо, баланын эрки, мүнөзү жакшы калыптанып, акыл-эстүү болуп чоңоёт. Бири-бирин түшүнбөгөн, сыйлабаган үй-бүлө баланын өнүгүшүнө шарт түзө албайт, бири-бирин сыйлабаган ата-энени көргөн балада жаман ой, негативдүү сезимдер пайда болот. Үлгү-өрнөгү менен ата-эне баланы ынандыргандай эч ким ынандыра албайт. Педагогикалык сабаттуу ата-эне балдарына мыкты үлгү-өрнөк көрсөтө алат. Ата-эненин жүрүм-туруму, үйдө, көчөдө, турмушта өзүн алып жүрүшү, адеп-ахлагы ж.б. балдары үчүн соолубаган тарбиялык булак сыяктуу. Ата-эненин жакшы сапаттары канчалык көп болсо, ошончолук балдары аларды көп урматташат. Моралдык сапаты жетилбей калган ата-эне балдарын таштashы мүмкүн. Ташталган бала кимди угат, кимди урматтайт? «Тоголок жетимди

тарбиялоодон ташталган баланы тарбиялоо кыйын» (А.С. Макаренко).

Ар бир тарыхый доордо балдарды ар башка тарбиялык система аркылуу тарбиялап келген. Көрүү-жаңылуу усулу аркылуу иштеген педагогдор баланын өзүнүн жеке сапатын эске алуу менен, гармониялуу өнүктүрүүнүн зарылдыгын түшүнгөн. Я.А. Коменский, И.Г. Песталоцци, Ж.Ж. Руссо баланын табигый шыгына шайкеш тарбиялоо зарылдыгын байкашкан. «Баланын шыгына шайкеш» тарбиялоо системасы авторитардык системага карама-каршы, экинчиде балага үстөмдүк кылууга жол берилген.

Ата-энелердин сабаттуулугун жогорулатуу боюнча доор талабына ылайык ар кандай сунуштарды берип келишкен. Ж.Ж. Руссо: «Баланын табигаты таза, жаман сапаттарга аны цивилизация үйрөтөт. Бир топтун кызыкчылын коргоп, башкалардын кызыкчылыгы корголбогон түзүлүштөгү коомдун балага терс таасири тиет. Адеби бузулган адамдардан, руханиятсыз цивилизациядан баланы алыс тарбиялаш керек» - деген. [9, 6-б.]. Совет доорундагы педагогдор Ж.Ж. Руссонун тарбиялоо системасын ашкере бөпөлөгөн (гиперопекалуу) система деп атаган. Совет доорунда ата-энелер көбүнчө иште болуп, балдар үйдө калган же коллективдик формалдуу тарбия менен чектелген [9].

А.Ф. Лазурский: «Мектеп баланын генетикасын (тегин), эненин жашоо-мүнөзүн, анатомиялык-физиологиялык өзгөрүшүн, темпераментин, жеке өзгөчөлүгүн, рухий абалын эске алып тарбиялаш керек», – деп туура айткан [6, 290-б.].

«Мектептеги жана үй-бүлөдөгү формалдуу тарбия баланы адептик-руханий өнүгүүгө, ак ниеттүүлүккө толук кандуу үйрөтө албай келе жатат. Анткени анын технологиясында балага насаат айтуу үстөмдүк кылып, турмуштан бөлүнгөн абстракттуу идеал таңууланган, баланын өз алдынча аракети жетишсиз. Баладагы кайталангыс индивидди «өчүрөт», аны түшүнүү жетишсиз. Жасалма образ, псевдо-идея балага жугумсуз болот» [1, 603-б.].

А.С. Макаренко үй-бүлөлүк тарбияны бир нече түргө бөлгөн:

- «Аралыкты сактаган авторитет» – атасы бала менен аралык (дистанция) сактайт, башчынын үнүндөй үн менен сүйлөп, балага муздак мамиле кылат, баласы муздак адам болуп чоңоет.
- «Шылуун-авторитет» – «ата-энеси өзгөчө жөндөмгө ээ», кызматташтар, кошуналар, тааныштар жөнүндө терс мүнөздөмө берет, дайыма өз артыкчылыгын сүрөттөйт. Анда баласы да шылуун болот.
- «Педантизм-авторитет» – (педант – өзгөчө тыкан, так, формалист адам) ата-энеси баласына бюрократтай мамиле кылат, ашыкча «сүйлөп» койгондугу үчүн жазалайт, кичине эле туура эмес кыймылы белгиленет. Баласы демилгесиз болуп чоңоет.
- «Резонер-авторитет» – акылдуунун ролуна кирип алган актер сыяктуу чоң апа, чоң атасы чексиз түгөнбөгөн насааттарды айта берип, баланы тажатат. Акыры балага насааттын эч кандай таасири жок болуп калат.
- «Сүйүүчү-авторитет» – өзгөчө энелер, чоң апалар балага мээримдүү сөздөрдү айта берет, эркелетип, бети-башынан өпкүлөп, айланып-үйрүлүп отуруп, баланы өзүмчүл, шылуун, эки жүздүүлүккө түртүшөт.
- «Ак көңүл-авторитет» – ата-эненин экөөсүнүн тең мүнөзү жумшак, баланын ою менен болот, бала эмне кылса да кечирет, анын айтканына көнөт. Мындай тарбиядан баланын ооздукталбаган эгосу (напси) өсүп чыгат.
- «Достук-авторитет» – ата-эне менен бала достук мамиледе болуш керек деген жалган идея жетекчиликке алынат. Натыйжада баласы атасына «тең ата», кызы энесине «курдаш» болуп, ата-энесин атынан чакырат.
- «Паралоочу-авторитет» – баланын жакшы баасы, кылыгы, адеби үчүн белек же акча берет. Баласы акча бербесе эч нерсе кылбай калат [7, 232-233-бб.].

Чет элдик адабияттардан Э. Берндин «Игры которые играют дети. Люди которые играют в игры» [2, 383-б.] эмгегинде ата-энелердин сабаттуулугун жогорулатуу боюн-

ча кызык материалдар бар. Л.Г. Саготовская ата-энелердин балдарына мамилесин алты типке бөлгөн. 1) бала ата-эненин жашоосуда эң маанилүү, ага өтө көп көңүл бөлөт; 2) баланын кызыкчылыгына, талаптарына кайдигер мамиле кылат; 3) өзүмчүл мамиле, баланы үй-бүлөдөгү негизги жумушчу күч катары эсептейт; 4) баланын жеке өзгөчөлүгүн эске албай, аны тарбиялай турган объект катары мамиле кылат; 5) баланы карьера жасаага жолтоо болгон, өз ишин алдыга жылдырууга бөгөт болгон ашыкча жүк сыяктуу мамиле кылат; 6) балага айрым милдетти жүктөө менен аны урматтайт. Академик А.П. Петровский үй-бүлөлүк беш түрдүү мамилени белгилеген: диктат, багуу, конфронтация, кызматташуу жана бири-биринин ишине кийлигишпей, тынчтыкта жанаша жашоо [11, 95-б.]. Бир тараптуу мамиле – ата-эненин педагогикалык сабаттуулугунун жетишсиздиги менен байланыштуу (автор).

В.В. Юстицкий нормалдуу жана кыйын үй-бүлөлүк тажрыйба катары төмөнкүлөрдү белгилеген: бири-бирине ишенбеген үй-бүлө (ишенимсиз бала); ырахат алууга багыт алган үй-бүлө (жеңил ойлуу бала); максатка умтулган авторитаризмге багыт алган үй-бүлө (митайым бала); күч колдонууга багыт алган үй-бүлө (мушташууга даяр бала) [12, 32-34-бб.].

В.И. Гарбузов, А.И. Захаров, Д.Н. Исаев: «Баланын мелонхолияга чалдыгышынын себеби – туура эмес үй-бүлөлүк тарбиянын натыйжасы. Балага туура эмес мамиле кылуунун натыйжасында ал психо-неврологиялык абалда болот. Алар: каралбай калган балдар, кабыл алынбаган (өгөй кыз сыяктуу), эгоцентристтик, гиперсоциалдаштыруу мамиле» – деп ырастайт [3, 14-24-бб.].

Психологиялык адабияттарда «гипо» жана «гиперпротекция» (ашкере колдоо), кароосуз калтыруу, эмоционалдык жактан жээрүү, четке кагуу, өтө жогору моралдык жоопкерчиликти талап кылуу – тарбиядагы кемчилик катары эсептелет. Э.Г. Эйдемиллер, В.В. Юстицкий үй-бүлөлүк тарбияны алты типке бөлгөн.

1) Ашкере колдоо (гипо, гиперпротекция), өспүрүм көңүлдүн борборунда, үй-бүлө анын каалоолорун, талаптарын максималдуу канааттандырат, анын оюндагысы менен болот. Мындай тарбиянын түрү баланы истероиддик жана гипертимиялык типти калыптандырат.

2) Гиперпротекциянын үстөмдүгү, өспүрүм ата-эненин көңүлүнүн борборунда, алар балага бардык күч-кубатын, убактысын бөлөт, бирок баланын өз алдынчалыгын чектейт, тыят. Мындай тарбиянын түрү баланы сезимтал, гипертимиялык тип кылып, эмансипацияны, астеникалык-неврозду күчөтөт.

3) Балага ата-эне өтө жогору талаптарды коёт, аны аткара албагандыгы үчүн катаал мамиле кылат, обу жок тыят. Мындай тарбиянын натыйжасында балада эпилептоиддик, психо-астеноиддик мүнөздөгү сапаттар пайда болот.

4) Балага өтө катуу, орой мамиле кылып, анын талаптарын этибар албай, ага жеткиликтүү көңүл бурбай, аны колдобой, өгөй баладай мамиле кылса, эпилептоиддик, астено-невротикалык тип өсүп чыгат.

5) Ата-энелери балага аз көңүл бөлүп, жогору моралдык жоопкерчиликти жүктөп, ага аз камкордук көрүп, өтө жогору талап коюлса, мындай тарбиянын натыйжасында психо-астеникалык көйгөйлүү мүнөз калыптанат.

6) Кароосуз калган, колдоо көрсөтүлбөгөн, өтө төмөн деңгээлдеги талап коюлган, өтө аз тыюу салынган, анын бары-жогуна эч ким кызыкпаган, ата-энеси көзөмөлдөбөгөн, бирок өспүрүмдүн талаптары дайыма канааттандырылган тарбиядан бала гипертимиялык туруктуу эмес, конформдук (өз позициясы жок, принципсиз, ээрчиме) тип калыптанат [12].

Айрым ата-энелерге мүнөздүү нерсе, өздөрү тарбия системасынан четтегени аз келгенсип, балдарынын эсебинен өз маселесин чечкиси келет. Өзүн өзү көзөмөлдөбөгөн, өз алдынча чечим чыгарганга жана өз маселесин өзү чечүүгө үйрөтүлбөй калган баладан инфантилдүү (бою чоңоюп, өзү баладай) адам чыгат. Үй-бүлөсү катуу көзө-

мөлгө алып, моралдык жогору жоопкерчилик талап кылса, балада толкундануу мүнөздүү болот. Үй-бүлөдө ата-эне, чоң ата, чоң эне жакындарына санаалаш, сезимтал адамдар болсо, балада интроверт (ички дүйнөгө көңүл бөлгөн) сапат калыптанат. Баланы курчаган чөйрөгө карата аң-сезимдүү мамиле түзүүгө үйрөтүлбөй, адептик адаттары калыптанбаса, акыл-эси өспөй калат. Билим алууга баланы кызыктырбаса, окуу, эсептөө, билим алуу көндүмдөрү калыптанбаса интеллекти төмөн бала калыптанат.

Үй-бүлөдө эмгекке үйрөтүлбөгөн балага турмуштан орун табыш кыйын. Үй-бүлөдө турмуштук чарба-тиричиликке байланыштуу жумуштан бошотулган бала иштебей жашоого көнөт. Даяр оокатка көнүп, текебер бала чыгат. Баланын бардык каалоолорун ата-энеси аткара берсе, баланын каалоолорунун кулчулугуна айланат. «Каалоолордон эркин болуу – ички дүйнөнүн тынчтыгына алып келет» (Лао Цзы). «Биринчи жана мыкты жеңиш – бул өз каалоолорун, терс сапаттарын жеңүү» (Платон).

Тарбия жөнүндө айтуу оңой, бирок аны иш жүзүнө ашыруу кыйын. Адамдын турмушундагы көйгөйлөрдүн баары бала кезде турмуштун сабактарын өздөштүрбөй калышы менен байланыштуу. Демек, ата-энелерге атайын педагогикалык даярдык керек. Ата-энелерде кездешүүчү типтүү кемчиликтер төмөнкүлөр кирет. Айрым педагогдордун, ата-энелердин арасында баланы сүйүш керек эмес деген пикир бар, бул – жаңылыштык. Патриот-жоокер элин сүйгөн сыяктуу баланы сүйүш керек.

Ата-эне балдарына баалуулуктарды үйрөтүүгө укугу жок деген ой – жаңылыштык. Ата-бабалардын руханий мурастарын ата-эне гана билет. Моралдык туура эмес системада тарбияланган, адеби начар баланы бактылуу жана сүйкүмдүү катары сүрөттөө – жаңылыштык, андай бала «Жаман жакшыны сыйлабайт». Потенциалы жогору лидер аталар балдарды тарбиялоо инкубаторда балапанды өстүрүү сыяктуу мектепте гана тарбияланат деп эсептөөсү – жаңылыштык. Бала балапан эмес, жем берсе чоңойо берген, анын аң-сезимин, акыл-эсин өстүрүп тарбиялаш керек.

Эми ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун жогорулатуунун мазмуну, өзгөчөлүгүнө токтоло кетели. Ата-энелер менен балдарды тарбиялоо боюнча тажрыйба алмашуу, балдарды тарбиялоонун мазмуну менен тааныштыруу, балдарды өнүктүрүү мыйзамченемдүүлүктөрү менен тааныштыруу «ата-энелердин педагогикалык университети» деген циклда атайын лекцияларды окуу, ата-энелер чогулушун уюштуруу ж.б. зарыл. Ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун төмөнкү багытта жогорулатууну сунуштайбыз.

1) Биринчи байлык – ден соолук, баланын ден соолугу чың болбосо, аны билимге же ишке кызыктырыш кыйын. Ден соолук – адамдын ийгиликтүү жашоосунун негизги фактору. Физикалык жактан өнүгүп келе жаткан баланын акыл аракети да натыйжалуу болот. Күчтүү эрк менен жакшы мүнөздүн калыптанышынын да ден соолук менен байланышы бар. Азыр балдардын ден соолугу начарлап баратат. Ошондуктан профилактикалык аракетке ата-энелерди кызыктыруу керек. Санитардык-гигиеналык эреже-тарбипти, эртең мененки гимнастиканы, таза абада басууну ж.б. ата-энелердин эсине салуу зарыл. Мектеп менен ата-эненин кызматташуусу аркылуу спорттук секцияларды, ден соолукту чыңдоочу клубдарды, ийримдерди ачуу, жайкы ден соолукту чыңдоочу лагерь уюштуруу. Балдарды табигатка экскурсияга алып чыгуу, кыймылдуу оюндарды уюштуруу. Таза суу, аба, күн, туура жана рационалдуу азыктануу, оң эмоцияга ээ болгон микроклиматка умтулуу, психо-гигиеналык аракет, моралдык оң жүрүм-турумду карманую, зыяндуу аракеттерден алыс болуу, жетишерлик кыймыл – ден соолукта жашоого өбөлгө болот [10]. Балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча медициналык кызматкерлер, психологдор менен кызматташуу абзел.

2) Ата-энелердин укуктук маселелер боюнча сабаттуулугун жогорулатуу. Укуктук нормалар жөнүндө маалымат берүү, коомго, адамга, мамлекетке укуктук билимдин

негизинде мамиле кылуу боюнча маалымат берүү. Өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугун токтотуу боюнча аракет кылуу. Жергиликтүү бийлик, укук коргоо органдары, ата-энелер, коомчулук ж.б. менен кызматташуу. Манас, Семетей, Сейтек уюмдарынын ишин активдештирүү. Дежурлардын кызматын активдештирүү ж.б. керек.

3) Балдардын эстетикалык табитин калыптандыруу боюнча ата-энелердин сабаттулугун жогорулатуу. Маданий баалуулуктар, искусство каражаттары аркылуу балдардын эмоционалдык дүйнөсүнө оң таасир этүү. Элдин маданияты, фестивалдары, майрамдары менен таанышуу; өздүк көркөм чыгармачылыгы, хор, элдик бийлер, комузчулар, вокалдык ж.б. ийримдердин, клубдардын маанисин түшүндүрүү, искусствонун түрлөрү менен тааныштыруу.

4) Балдардын кесип тандоосуна жардам берүү боюнча ата-энелердин сабаттуулугун жогорулатуу. Мыкты врач, инженер, бизнесмен, дыйкан, алдыңкы фермер, жаңычыл (новатор) адамдар, малчы, тикмечи ж.б. кесип ээлери жөнүндө маалымат берүү, электрондук билим берүүчү ресурстарды, мультимедия ыкмаларды колдонуу менен келечекте керектүү кесиптер жөнүндө маалымат берүү, мазмундуу материалдарды көрсөтүү; социалдык өзгөртүүчү аракет, өндүрүш, ишкана менен тааныштыруу.

5) Ардагер-интеллигенттердин, чоң апа, чоң аталардын ж.б. тажрыйбасын, өнөрүн, билимин үйрөнүп, алып калуу. Оюнчук, боз үй, калпак, топу жасоо, чий, кийиз, чүпүрөк ж.б. менен иштөө; конструкция, реконструкция, долбоорлоо ж.б.; прикладдык эмгектин түрлөрү, улуттук кол өнөрчүлүк (сайма, курак, шырдак, оймо ж.б.) сактап калуу, түйүү, өрмөк согуу, макраме, илме шибеге, токуучу станок менен иштөө, апликация, чийүү, тикмечилик (булар жеке бала менен иштөөгө карата сунуштар) ж.б. өнөрлөр, ийримдердин иштеринин көргөзмөлөрү, чыгармачыл отчет; адабий чыгармалар (поэзия, проза, драматургия), элдик оозеки чыгармачылык менен тааныштыруу. Экспедициялардын иши менен тааныштыруу, дүйнө таануу. Класстан, мектептен тышкаркы иш-чараларды, маданий-массалык иш-чараларды уюштуруу.

6) Жаратман эмгек боюнча ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун жогорулатуу. Баланын психо-физиологиялык өзгөчөлүгүн эске алуу менен, жеке кызыкчылыгын, эмнеге ынтызарлыгын табуу, аны эмгекке көнүктүрүү боюнча кызматташуу. Баланы ар кандай эмгекке (багбанчылыкка, устачылык, зергерчилик, бал-чарбачылыгы ж.б.) материалдык шаймандарды колдонууга үйрөтүү, практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу. Эмгектин ыкмаларын, практикалык иш көрсөтүү, көнүктүрүү. «Баланын кызыкчылыгы табылып, ынтызарлыгы канааттандырылса, бала өзү кызыккан нерсе менен алек болгондон ырахат алат, анда психикалык күчү өнүгөт. Баланын индивидуалдуулугун изилдөө, аны табуу, ошого жараша багыт көрсөтүү, жакшы натыйжага жеткирет. Бала кызыкпаган ишке мажбурлоо көңүлдүн бөлүнүшүнө, чарчоого, организмдин активдүүлүгүнүн төмөндөшүнө, эрктин алсызданышына алып келет» [4, 134-б.].

7) Адеп-ахлактык, руханий өнүктүрүү, ыймандык тарбия боюнча ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун жогорулатуу. Дүйнө түзүлүшү (макрокосм, микрокосм, рухий кубат ж.б.) жөнүндө маалымат берүү; моралдык-этикалык темага арналган эмгектер, элдик педагогикалык берметтер (учкул сөздөр, макал-лакаптар, санат-насаат ойлор ж.б.) менен тааныштыруу; статистикалык маалыматтарга анализ, билим берүүчү оюндар; видио тасмаларды көрсөтүү.

Балдардын ден соолугунун чың болушу үчүн – алар коом, адамдар менен гармониялуу мамиле түзүп, өз маселесин өзү чечүүгө үйрөнүп, аң-сезими негативдүү ойдон таза болуп, ниети оңолуп, көз карашы туура калыптанышы зарыл. Билим алуу, кеп маданиятынын жакшы калыптанышы; тилди, көздү, колду, денени жаман сөздөн, терс таасирден, арам нерседен, күнөөлүү иштен, жаман адаттардан сактоо. Бирөөгө зыян иш кылуу, жаман ой, негативдүү сезим, терс кыял-жоорук ж.б. адамдын нервин бузат, ал ден соолукка зыян. Адамдардын адеп-ахлагы, ою, мүнөзү, ниети оңолгон сайын,

коом оңолуп, өнүгө баштайт. Ал эми коомдун оңолушу мамлекеттин өнүгүшүнө өбөлгө болот. Адамдын башкы милдети – ыймандуу адам болуу экендигин унутпашыбыз керек.

**Корутунду**. Мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтыгынын натыйжалуу болушу үчүн педагог үй-бүлөдөгү маселени, баланын мүдөөсүн билип, ошого жараша сунуштарды бериш керек. А.Т. Калдыбаева, А.Ж. Муратов, К.К. Акматов ж.б. түзгөн «Ата-энелер мектеби» үчүн түзүлгөн программада мектеп менен ата-энелердин кызматташтыгынын мазмуну толук берилген. Ошол программанын, төмөндө көрсөтүлгөн булактын негизинде иш алып барууну сунуштайбыз. Мектеп менен ата-энелердин биримдиктеги аракетине жараша ийгилиги болот, ата-энелердин педагогикалык сабатсыздыгына жана кайдигердигине жараша көйгөйү болот. «Элдин эмгегине жараша өнмөгү бар» деген накыл сөз бар. Мектеп ата-энелер менен гармониялуу мамиле түзүп, эмгектене албагандыктан жана ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун жогорулатууга жеткиликтүү көңүл бөлбөгөндүктөн проблема болгон. Ынтымактуу эмгектенген мектеп менен ата-энелер ийгиликке, өнүгүүгө карай багыт алат. Бүгүнкү көйгөйдүн көптүгү – мурдагы тарбиядагы кемчиликтин натыйжасы. Тарбиялык маселедеги проблема туура аныкталып, ата-энелер менен ага ылайык аракет кылган мектептер ийгиликке жетишерине ишенебиз.

***Адабияттар:***

1. Азаров Ю.П. Семейная педагогика. Педагогика любви и свободы. – М., Аргументы и факты. 1993. – 603-б.
2. Берн Э. Игры которые играют дети. Люди которые играют в игры. – Минск. ПРАМЕБ. 1992. – 383-б.
3. Гарбузов В.И., Захаров А.И., Исаев Д.Н. Неврозы у детей и их лечение. – М., Медицина. 1977. – 14-24-бб.
4. Добаев К.Д. Жаңы мектеп, жаңы багыт, жаңы көз караш. – Бишкек. Фаст-принт, 2024. – 134-б.
5. Калдыбаева А.Т., Муратов А.Ж., Акматов К.К., Мадаминов Г.М., Даминова И.Д., Акматова Ч.А. Ата-энелер мектеби үчүн программа. – Бишкек, 2022. – 44 б.
6. Лазурский А.Ф. Классификация личности. – Л. ГИЗ. 1924. 290-б.
7. Лекции по педагогике. Под общей редакцией С.А. Умрейко, М.У. Пискунова В.П.Мещерякова. Минск. Изд. БГУ им. Ленина. 1970. 232-233-бб.
8. Макаренко А.С. Сочинение. Т.4. – М.,1957. – 341-б.
9. Минияров В.М. Психология семейноги воспитания. Диагностико-коррекционный аспект. – М., Изд. НПО «МОДЕК».2000. – 11-13-б.
10. Мамытов А. Сергек жашоо образынын негиздери, структурасы жана аны калыптандыруунун орчундуу багыттары // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2014. – №2 (30). – С. 10-14.
11. Петровский А.П. Дети и тактика семейного воспитания. – М., Знания. 1981. – 95-б.
12. Юстицкий В.В. Эти трудные почти нормальные семьи. // Семья и школа. – 1979. – №8. – 32-34-бб.

***Рецензиялаган:***
***Асипова Н.А.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***